ӨЛКӨНҮН КЕЛЕЧЕГИ

# КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ПРОГРАММАСЫ

## «Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин орду»

Бишкек 2021

**Бекитем:**
КР БбИМ алдындагы
РПККЖж-аКДИ
Директору
п.и.к,
Токтомаметов А. Д.

«___»___________20___г

# КВАЛИФИКАЦИЯНЫ ЖОГОРУЛАТУУ ПРОГРАММАСЫ

«Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин орду»

**Прграмманы ишке ашыруу мөөнөтү:** 2 жума

Көлөмү -72 саат

Бишкек 2021

soros.kg

КР ББИМ

КР БбИМ
алдындагы
РПККЖж-аКДИ

өлкөнүн келечеги

Квалификацияны жогорулатуу программасы "Сорос Кыргызстан" фондунун каржылоосу менен "Өлкөнүн келечеги" фонду тарабынан ишке ашырылган "Квалификацияны жогорулатуу тутумундагы инклюзивдик билим берүү программаларынын мазмунун жана методикасын өркүндөтүү аркылуу Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү" долбоорунун алкагында иштелип чыкты. Программанын мазмуну үчүн "Өлкөнүн келечеги" фонду жоопту жана программанын мазмуну "Сорос-Кыргызстан" фондунун пикири деп эсептелбейт.

**Программаны иштеп чыккандар:**

**Дунганова Джамиля Эрнстовна** – И.Арабаев атындагы КМУнун Педагогика факультетинин атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасынын ага окутуучусу, билим берүү жана психология магистри; Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун бет-жаак хирургиясы бөлүмүнүн логопеди.

**Абдылдабеков Билимбек Абдылдабекович** – педагогика магистри, КР Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун педагогика, психология жана социалдык-гуманитардык билим берүү кафедрасынын ага окутуучусу, И.Арабаев атындагы КМУнун Педагогика факультетинин атайын педагогика жана психокоррекция кафедрасынын окутуучусу, олигофренопедагог №22 атайын (жардамчы) мектеп.

**Мамбетова Салтанат Сталбековна** - Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мектеп, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгынын жетектөөчү адиси.

*Бул лицензия үчүнчү жактарга аны авторлордун ысымын милдеттүү түрдө шилтеме берүү менен эркин жайылтууга, туунду чыгармаларды (котормолорду) түзүүгө, анын ичинде коммерциялык максаттарда пайдаланууга да мүмкүндүк берилет.*

# ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

**Актуалдуулук**

Билим берүү муктаждыктарына карабастан, бардык балдарды жалпы билим берүү процессине киргизүүгө багытталган заманбап билим берүү парадигмасы билим берүүдөгү, бүтүндөй коомдо дагы баалуулуктарды, мамилелерди, өз ара аракеттенүүнү кайра карап чыгууну талап кылат.

Инклюзивдик билим берүү менен камсыз кылуу, мамлекеттин билим берүү саясатын жүзөгө ашыруунун артыкчылыктуу багыты катары аныкталат, ал Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан кол коюлган "2019-2023-жылдарга карата Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясында" бекитилген. ( 19-июнь, 2019-жыл)

"Концепцияны ишке ашыруунун биринчи кезектеги милдети - кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу тутумуна керектүү педагогикалык билимди, көндүмдөрдү жана технологияларды киргизүү" деп Концепцияда аныкталат. Педагогикалык кадрларды даярдоо - инклюзивдик билим берүүдө сапаттуу билим берүүнү уюштуруунун актуалдуу маселелеринин бири. Билим берүү тутумундагы жаңылануу мугалимдердин кесиптик даярдыгынын деңгээлине, анын ичинде кесиптик жана социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүккө талаптардын өзгөрүшүнө жана алардын функционалдык милдеттеринин жогорулашына алып келди. Инклюзия жана инклюзивдик билим берүү принциптерин ийгиликтүү ишке ашыруунун, аларды педагогикалык практикада жүзөгө ашыруунун негизги субъектиси мугалим болуп саналат. Бүгүнкү күндө негизги көйгөй - мугалимдердин майыптыгы жана атайын билим алуу муктаждыгы бар балдарды жалпы бимлим берүү мектептерине кошууга кесиптик жана инсандык жактан даярдыгы жоктугу.

Жогорудагы себептерге байланыштуу, мугалимдердин инклюзивдик билим берүү мейкиндигиндеги кесиптик маселелерди чечүүгө жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын калыптандыруу зарылчылыгы келип чыкты. Мугалимдин даярдыгы академиялык, социалдык, жеке жана

кесиптик компетенттүүлүктү калыптандырууну, ошондой эле инклюзивдик билим берүү мейкиндигиндеги бардык катышуучулар үчүн билим берүү натыйжаларынын сапатын камсыз кылууга багытталган милдеттердин тереңдигин түшүнүүнү жана тутумдаштырууну болжолдойт.

Демек, инклюзивдик билим берүүнү колдогон, балдардын жекече билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен мамили түзүп, аларды коомго кошууга даяр болгон педагогикалык кадрларды даярдоо – бул мамлекеттик деңгээлдеги талап.

Ал эми бул талапты жогорку окуу жайлар жана квалификацияны жогорулатуу жана кайра даярдоо институттары аткарууга милдеттүү.

Квалификацияны жогорулатуунун базалык курсунун **максаты** – мугалимдердин майыптуулугу жана атайын билим алуу муктаждыктары бар балдар менен бирдиктүү инклюзивдик билим берүү мейкиндигинде иштөөгө даярдыгын калыптандыруу (психологиялык, когнитивдик, баалуулук-мотивациялык, коммуникативдик-активдүүлүк ж.б.).

***Милдеттер:***

1. Угуучуларды заманбап дүйнөдөгү майыптыкты түшүнүүнүн ар кандай моделдери (парадигмалары), майыптыгы бар адамдардын "жашоосун нормалдаштыруу" принциби менен тааныштыруу;
2. Кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясы (ФЧЭК) жана анын билим берүүдө колдонулушу жөнүндө жалпы маалымат берүү;
3. Балдардын өнүгүүсүндөгү бузулуулардын себептери жана түрлөрү менен тааныштыруу, психофизикалык өнүгүүсүндө ар кандай бузулуулары бар балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү;
4. Мугалимдерди инклюзивдик билим берүүнүн негизги аспектилери, анын ичинде укуктук база, философия, негизги түшүнүктөр жана принциптер менен тааныштыруу.
5. Мугалимдерди инклюзивдик өз ара аракеттенүүгө (мамиле түзүүгө) даярдоо (майыптыгы же атайын билим алуу муктаждыктары бар окуучулар менен мамиле түзүү).

**Максаттуу аудитория:**

Билим берүү кызматкерлери.

**Аттестациянын формалары жана баалоо материалдары**

Баяндаманы баалоо үчүн болжолдуу критерийлери

Курстун угуучусу баяндаманын темасын өз алдынча тандай алат, бирок ал тегерек столдун темасы менен байланышта болушу керек.

Баяндаманын түзүмү төмөнкүлөрдөн турат:

- кириш сөз;
- негизги бөлүгү;
- корутунду.

*Баалоо төмөнкүлөрдү эске алат:*

а) баяндаманын жалпы мүнөздөмөсүндө (3 баллга чейин):

- изилдөө көйгөйүнүн актуалдуулугу;
- максаттарды, милдеттерди, изилдөө методдорун киргизүүдө чагылдыруу;
- материалдын илимий презентациясы;
- изилдөө темасы боюнча бир нече ыкмалардын, түшүнүктөрдүн сүрөттөлүшү;
- материалды сунуштоонун логикалык ырааттуулугу;
- изилденип жаткан көйгөй боюнча ар кандай илимий булактарды колдонуу;
- маселелерди чагылдырууда, анын толуктугу;
- терминдерди жана сөздөрдү так жана туура колдонуу.

б) иштин негизги натыйжаларын талдоодо (3 баллга чейин):

- тыянактар изилдөөнүн темасына, максатына жана милдеттерине шайкеш келет;

- авторлордун позицияларындагы жалпылыкты жана айырмачылыктарды, ар кандай көз караштарга карата сынчыл ой жүгүртүүнүн, түшүнүктөрдүн позициясын, алардын позициясын аргументтөөнү белгилөө;
- корутундулардын жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн далили.

в) жумуштун сапаты (2 баллга чейин):

- колдонулган адабияттардын тизмесинин тууралыгы;
- иштин долбоорлоо талаптарына шайкештиги;
- материалды презентациялоонун сабаттуулугу.

г) иштин көз карандысыздыгы жана кылдаттыгы, изилдөө жөндөмдөрүнө ээ болуу деңгээли, илимий булактар, баштапкы булактар менен иштөө жөндөмү ж.б.

(2 баллга чейин).

*Баалоо шкаласы:*

9-10 балл - мыкты,

7-8 балл - жакшы,

5-6 балл - канааттандырарлык,

5 баллдан аз - канааттандырарлык эмес.

**Окутуунун натыйжаларына коюлган талаптар**

Программа “ПЕДАГОГИКА” 550700 (бакалавр даражасы) багыты боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2015 жылдын 15-сентябрындагы №1179/1 буйругу менен бекитилген Жогорку кесиптик билим берүүнүн Мамлекеттик Билим берүү Стандартына ылайык түзүлгөн жана төмөнкү компетенцияларды калыптандырууну камтыйт:

- өз алдынча же жетекчилик астында илимий-изилдөө иш-чараларын жүргүзүүгө, изилдөө планын иштеп чыгууга жана түзөтүүгө, топтолгон маалыматтарды талдоого жана чечмелөөгө жөндөмдүү (ЖК-4);

- маалыматты кабыл алууга, жалпылоого жана анализдөөгө, максат коюуга жана ага жетүү жолдорун тандоого жөндөмдүү (ЖК -5);
- үзгүлтүксүз өнүгүүгө жана билим алууга даяр (ЖК -6);
- мектеп коомчулугунун деңгээлинде толеранттуу инсан аралык жана кесиптик мамилелерди курууга жөндөмдүү (СЖК-1);
- өзүнүн күчтүү жана алсыз жактарын сын көз менен баалай алат, келип чыккан кыйынчылыктарды жоюуга жөндөмдүү (СЖК -4);
- кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык компетенттүүлүктү колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын колдоно алат (ПК-1);
- методикалык маселелерди чечүү методдоруна ээ (моделдер, методдор, технологиялар жана окутуу методдору) жана билим сапатын баалоо технологияларын колдоно алат (ПК -2);
- туруктуу өнүгүү үчүн багытталган билим берүү жана билим берүүнүн инсанга багытталган принциптерине ылайык билим берүү процесси үчүн оптималдуу шарттарды түзө алат (сергек жашоо мүнөзү, жаратылышты сактоо жана жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу, энергияны үнөмдөө, маданий ар түрдүүлүк, гендер, инклюзия ж.б.). (ПК -3);
- окуу-тарбия процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн окуучулардын жетишкендиктерин аныктоонун заманбап диагностикалык методдорун жана технологияларын, ыкмаларын колдонууга даяр (ПК -10);
- окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн жана жеке өзгөчө муктаждыктарын эске алуу менен мамиле түзө билүү (ПК -12);
- билим алууда кыйынчылыктары бар окуучуларды (билимге алууда атайын муктаждыктары бар балдарды) интеграциялоого жөндөмдүү(ПК -18);
- мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды интеграциялоого жана башталгыч мектепте инклюзивдик билим берүүнү ишке ашырууга жөндөмдүү (ЖК-27);

- социалдык жана эмоционалдык өнүгүүдө ар бир баланын муктаждыктарын эске алуу менен, алардын күчтүү жана алсыз жактарына таянып, балдар менен жекече мамиле түзө алат (ПК -25);

**Программаны өздөштүрүүнүн натыйжасында угуучулар:**

***Билет:***

- майыптуулукту түшүнүү жолдорун, майыптыгы бар адамдын жашоосун "нормалдаштыруу" принцибин, кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясын (ФЧЭК) максаттарын компонентерин (домен) жана аны билим берүүдө колдонуунун маанисин; Майыпыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө БУУнун Конвенциясын;
- «инклюзия» жана инклюзивдик билим берүүнүн маңызын, негизги идеялары жана принциптерин;
- өнүгүүнүн бузулушунун себептери, ар кандай категориядагы балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн;
- социалдык-педагогикалык толеранттуулуктун, эмпатиянын жана анын компоненттеринин маңызын;
- майыптыгы бар адамдар менен өз ара мамиле түзүү эрежелерин.

***Колдоно билет:***

- инклюзиянын идеяларды жайылтуу, инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу зарылдыгын;
- билим алууда атайын муктаждыктары жана майыптыгы бар балдарды коомго кошууда келип чыккан тоскоолдуктарга туруштук берүү жана стериотиптерге каршы туруу;
- бардык окуучулар үчүн инклюзивдик билим берүү чөйрөсүн түзүү, анын ичинде майыптыгы жана билим алууда атайын муктаждыктары бар окуучулар үчүн;
- майыптыгы жана билим алууда атайын муктаждыктары бар окуучуларга педагогикалык толеранттуулукту көрсөтүү;
- билим берүү мекемелеринде ар башка дражадагы ар кандай категориядагы окуучуларды ийгиликтүү коомго кошуу үчүн шарттарды түзүү.

- инклюзивдүү өз ара мамиле түзүү иш аракеттерин уюштуруу;
- билим берүү процессинин ар кандай катышуучулары менен инклюзивдүү өз ара мамиле түзүү иш аракеттери кырдаалдарында педагогикалык мамиле түзүү технологияларын жана коммуникативдик техникасын туура колдонуу;
- берилген билим чөйрөсүнүн категориялары жана түшүнүктөрү;
- жалпы билим берүү мейкиндигинде майыптыгы жана билим алууда атайын муктаждыктары бар окуучуларды адаптациялоонун ар кандай формаларын, ыкмаларын, ишке ашыруу көндүмдөрүн;
- педагогикалык баарлашуунун ыкмалары жана негизги коммуникативдик ыкмаларын;
- майыптыгы жана билим алууда атайын муктаждыктары бар окуучуларга карата толеранттуу жана эмпатикалык мамилени сактоо менен педагогикалык байланышты түзүү көндүмдөрү;

# ОКУУ-ТЕМАТИКАЛЫК ПЛАН

| № | Теманын аталышы | ЛК | ПР | жалпы ауд. саат |
|---|---|---|---|---|
| | **1 БЛОК Майыптуулукту түшүнүүнүн заманбап жолдору жана билим алууда атайын муктаждыктары бар балдардын билим алуусу.** | **8** | **2** | **10** |
| 1 | Заманбап дүйнөдөгү майыптыкты түшүнүү жолдору. "Майыптыгы бар адамдардын жашоосун “ нормалдаштыруу"  концепциясы. | 2 | 1 | |
| 2 | Кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы  чектелөөрдүн эл аралык классификациясы (ФЧЭК) жана анын билим берүүдө колдонуу | 2 | | |
| 3 | Инклюзивдик билим берүүнүн маңызы, тарыхнамасы, негизги идеялары, максаты, милдеттери, принциптери жана деңгээлдери. | 2 | | |
| 4 | Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясы жана программасы | 2 | 1 | |
| | **2 БЛОК Психофизикалык өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар балдардын жалпы мүнөздөмөсү** | **20** | **12** | **32** |
| 5 | Психофизикалык өнүгүүнүн бузулушунун себептери. | 2 | 1 | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Угуусу начар балдар. Угуунун начарлашынын себептери жана белгилери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 1 |
| 7 | Көрүүсү начар балдар. Көрүүнүн бузулушунун себептери жана белгилери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 1 |
| 8 | Интеллектуалдык бузулуулары бар балдар жана алардын себептери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 2 |
| 9 | Сүйлөө кебинин бузулуулары бар балдар, сүйлөө бузулушунун себептери, сүйлөө кеби бузулган балдардын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 2 |
| 10 | Таяныч кыймыл аппараты бузулган балдар, бузулушунун себептери, түрлөрү, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 1 |
| 11 | Комплекстүү бузулуулары бар балдар (акыл-эси кем угуусу жана көрүүсү начар ж.б.), себептери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 1 |
| 12 | Эмоциялык эрктик бузулуулары бар балдар жана Аутизм спектринин бузулушу бар балдар. Себептери, белгилери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү. | 2 | 1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13 | Билим алууда атайын муктаждыктары бар балдар үчүн окутуу технологиялары Инклюзивдик билим берүү чөйрөсүн уюштурууга талаптар.<br>Окутуунун универсалдуу дизайны. Адаптацияланган окуу программасы.<br>Жеке окутуу планы (ИПО, ИУП).<br>Билим алууда атайын муктаждыгы бар балдарды окутууда дифференциалдаштырылган ыкма. | 4 | 2 | |
| | **3 БЛОК Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин орду** | **12** | **8** | **20** |
| 14 | Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин жеке жана кесиптик компетенттүүлүктөрү. Социалдык-педагогикалык толеранттуулук. Түшүнүк, компоненттер. | 4 | 2 | |
| 15 | Эмпатия, мүнөздөмө. Окутууда эмпатиянын ролу. Инклюзивдик өз ара аракеттенүүнүн шарттары. | 2 | 2 | |
| 16 | Мугалимдин кесиптик ишмердигиндеги коммуникативдик көндүмдүн мааниси. Коммуникация түрлөрү. | 2 | 2 | |
| 17 | Инклюзивдүү өз ара аракеттенүүгө даярдануу. Инклюзивдүү өз ара аракеттенүү феномени. "Экстрабилдүүлүк" түшүнүгү. Инклюзивдүү өз ара аракеттенүүнүн шарттары. | 4 | 2 | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **4 БЛОК Аттестация** | **2** | **8** | **10** |
| 18 | "Инклюзивдик билим берүүдөгү мугалим: кесиптик өнүгүүнүн көйгөйлөрү жана келечеги" темасында тегерек стол. | 2 | 4 | |
| 19 | Тестирлөө | | 2 | |
| 20 | Анкета.  (Пост тест) Курсту жыйынтыктап жатып | | 2 | |
| **Жалпы:** | | **42** | **30** | **72** |

# ПРОГРАММАНЫН КӨЛӨМҮ ЖАНА ОКУУ ИШТЕРИНИН ТҮРЛӨРҮ

**Курс 72 сааттык окуу убактысына эсептелген.**

Окуу процессин уюштуруунун негизги формалары: лекциялар, семинарлар, угуучулардын өз алдынча иштери. Лекциялардын жана практикалык сабактардын жүрүшүндө окутуунун активдүү жана интерактивдүү формалары, ошондой эле окуу методдору колдонулат (тренингдер, дискуссиялар, чакан топтордо иштөө ж.б.).

# ПРОГРАММАНЫН МАЗМУНУ

## 1 БЛОК

**Майыптуулукту түшүнүүнүн заманбап ыкмалары жана билим алууда атайын муктаждыктары бар балдардын билим алуусу.**

### *Тема 1. Заманбап дүйнөдөгү майыптыкты түшүнүү жолдору. Майыптыгы бар адамдардын жашоосун " нормалдаштыруу" концепциясы.*

**Максаты:** угуучуларды заманбап дүйнөдөгү майыптуулукту түшүнүүнүн ар кандай моделдери (парадигмалары), социалдык моделдин негизги түшүнүгүн - майыптардын жашоосун "нормалдаштыруу" концепциясы, БУУнун майыптыгы бар адамдардын укуктары конвенциясы менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** майыптык, майыптуулукту түшүнүү моделдери (парадигмалары), диний, медициналык, социалдык, маданий модель, жашоону "нормалдаштыруу", БУУнун Майыптардын укуктары жөнүндө конвенциясы, татыктуу жашоого болгон укук.

**Кыскача мазмуну:** Бул темада Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюмунун (ДССУ, БУУ) аныктамасына шилтеме берүү менен "майыптык" түшүнүгүн ачып берилет. Майыптыкты жана инклюзияны түшүнүүнүн социалдык модели негизделген, коомдун тарыхый өнүгүү процессинде "майыптыкты" түшүнүүүнүн ар кандай жолдорун жана ошондой эле майыптыгы бар адамдын жашоосун "нормалдаштыруу" принциптери (концепциясы) сунушталат. Мындан тышкары, угуучулардын БУУнун майыптыгы бар адамдардын укуктары жөнүндө конвенциясы, майыптыгы бар адамдардын татыктуу жашоого болгон кепилдиги белгиленген жана аны ратификациялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президенти 2019-жылдын 14-мартында кол койгон мыйзам менен таанышуу сунушталат.

***Тема 2. Кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясы (ФЧЭК) жана анын билим берүүдө колдонуу***

**Максаты:** угуучуларды кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясы (ФЧЭК) жана анын билим берүүдө колдонуунун мааниси менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** Кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясы (ФЧЭК), Оорулардын эл аралык классификациясы (ОЭК-10 ДССУ тарабынан каралып чыккан), домен (компонент), ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн модели, организмдин функциялары, организм структуралары, ишмердүүлүк жана катышуу, курчап турган факторлор.

**Кыскача мазмуну:** Бул тема Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму (ФЧЭК, ДССУ) тарабынан иштелип чыккан Кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясы, анын максаттары, компоненттери (домендери) жана оорулардын эл аралык классификациясы (ОЭК) менен салыштыруу жөнүндө маалымат берилет. Эки классификацияны комплекстүү колдонууну, диагноз коюу үчүн гана эмес, ошондой эле майыптыгы бар адамдын мүмкүн болушунча көзкарандысыз жашоосу үчүн. Майыптыктагы ар кандай өзгөчөлүктөрдүн түрлөрү каралат; ар кандай типтеги өзгөчөлүктөр үчүн айлана-чөйрөнү адаптациялоо мисалдары.

***Тема 3. Инклюзивдик билим берүүнүн маңызы, тарыхы, негизги идеялары, максаты, милдеттери, принциптери жана деңгээлдери.***

**Максаты:** угуучуларды инклюзивдик билим берүүнүн негизги аспектилери, анын ичинде укуктук база, философия, негизги түшүнүктөр жана принциптер менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** инклюзия, инклюзивдик билим берүү, майыптык, ден-соолуктун мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелиши, атайын билим алуу муктаждыктары, жеткиликтүү билим берүү чөйрөсү, бирге билим алуу укугу.

**Кыскача мазмуну:** бул тема Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн тарыхый аспектисинде инклюзивдик билим берүүнүн калыптануусу каралат жана ошондой эле, инклюзивдик билим берүүнү калыптануусунун укуктук негиздерин талданат. Инклюзивдик билим берүүнүн негизги түшүнүктөрү жана принциптери каралат. Инклюзивдик билим берүүнүн эволюциялык өнүгүүсүн тарыхый талдоонун негизинде, бул иш-чара чет өлкөлөрдө кыйла узак тарыхы жана оң практикалык тажрыйбасы бар экендигин белгилей кетүү керек, ошол эле учурда Кыргызстанда атайын билим алуу муктаждыктары жана майыптыгы бар балдарды окутууда инклюзивдик билим берүү тажрыйбасы калыптануунун алгачкы этаптарында экенин баса белгилей кетишибиз керек.

***Тема 4. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясынын жана Программасынын негизги жоболору менен тааныштыруу.***

**Максаты:** 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүүнүн Концепциясынын жана Программасынын негизги жоболору менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** концепция, билим алуу укугу, билим берүү саясаты, инклюзивдик билим берүү, мүмкүнчүлүгү чектелгендик, атайын билим алуу муктаждыктары, атайын билим алуу шарттары, психологиялык- медициналык жана педагогикалык колдоо.

**Кыскача мазмуну:** бул темада Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 2019-жылдын 19-июнунда кол коюлган, 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүүнүн концепциясы жана программасы талкууланат. Бул документ угуучулардын билим деңгээлин жогорулатууда, көп түрдүүлүккө ачык, эффективдүү жана тең укуктуу билим берүү системасын түзүүгө жана ошондой эле жаңы жана заманбап маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган биринчи фундаменталдуу документ болуп саналат. Концепцияда инклюзивдик билим берүү мамлекеттик билим берүү саясатын ишке ашыруунун артыкчылыктуу багыты катары аныкталган. Концепцияны ишке ашыруунун негизги түшүнүктөрү жана аныктамалары, максаттары, милдеттери жана этаптары, инклюзивдик билим берүүнүн баалуулуктары жана принциптери, ошондой эле инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү чөйрөсү жана шарттары каралат.

## 2 БЛОК

## Психофизикалык өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар балдардын жалпы мүнөздөмөсү

### *Тема 5. Психофизикалык өнүгүүнүн бузулушунун себептери.*

**Максаты:** угуучуларды балдардын психофизикалык өнүгүүсүндөгү бузулуулардын мүмкүн болгон себептери, бул процессти аныктоочу факторлор, ошондой эле психофизикалык өнүгүүнүн бузулушунун классификациясы менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** нормативдик өнүгүү, өнүгүүнүн бузулушу, эндогендик (ички), экзогендик (тышкы) себептер, биологиялык, патогендик, социалдык-психологиялык чөйрөнүн таасири, социалдык жана биологиялык факторлор, психофизикалык өнүгүүсү бузулган балдардын категориялары.

**Кыскача мазмуну:** бул тема "нормативдик" өнүгүүнүн түшүнүгүн жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана өнүгүүдөгү бузууларды (четтөөлөрдү), өнүгүүнүн негизги себептерин (эндогендик жана экзогендик) бузууларды, баланын организмине патогендик (зыяндуу) таасир этүүчү факторлорду талкуулайт, психофизикалык өнүгүүдөгү бузулууларды классификациялоо, ошондой эле өнүгүүдөгү мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын негизги категориялары (өзгөчөлүктөрү).

### *Тема 6. Угуусу начар балдар (дүлөй, угуусу начар), угуунун начарлашынын себептери жана белгилери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү.*

**Максаты:** угуучуларды угуусу начар балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү менен, угуусу начар балдарга заманбап жардам көрсөтүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** угуу кабыл алуусу, дүлөйлөр, начар уккандар, компенсация, угуу даражасынын начарлашы, жаңсоо тили, дактилология, эриндерден окуу, кохлеардык имплантация.

**Кыскача мазмуну:** бул темада төмөндөгү схема боюнча угуу мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү талкууланат: угуунун начарлашынын себептери, угуусу начар балдардын классификациясы, угуусу начар балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү, окутуунун өзгөчөлүктөрү жана атайын билим берүү тутумундагы балдарды тарбиялоо.

***Тема 7. Көзү начар көргөн балдар (азиз, көрүүсү начарлагандар), көрүүнүн бузулушунун себептери жана белгилери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү.***

**Максаты:** угуучуларды көрүү мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, көрүүсү начар балдарга заманбап жардам берүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** визуалдык кабылдоо, көзү көрүнбөгөн (азиз), начар көргөн, компенсатордук, Брайльдын рельеф-чекит шрифти, калдык көрүү.

**Кыскача мазмуну:** бул тема көрүү схемасы бузулган балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн төмөнкү схемада талкуулайт: көрүүнүн начарлашынын себептери, көрүүсү начар балдардын классификациясы, балдардын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү, атайын билим берүү тутумундагы балдарды тарбиялоодогу өзгөчөлүктөр.

***Тема 8. Интеллектуалдык бузулуулары бар балдар (акыл-эси кем, акыл-эси артта калган), интеллектуалдык бузулуулардын себептери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөр.***

**Максаты:** угуучуларды интеллектуалдык (акыл-эс) бузулуулары бар балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, интеллектуалдык (акыл-эс) бузулуулары бар балдарга заманбап жардам көрсөтүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** интеллектуалдык (акыл-эс) өнүгүү,

**Кыскача мазмуну:** бул темада төмөнкүдөй схема боюнча интеллектуалдык (акыл-эс) бузулуулары бар балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү

талкууланат: интеллектуалдык (акыл-эс) бузулууларынын себептери, интеллектуалдык (акыл-эс) бузулуулары бар балдарды классификациялоо: интеллектуалдык (акыл-эс) бузулуулары бар балдар, психикалык өнүгүүсү артта калган балдар (психологиялык өнүгүүнүн бузулушу); интеллектуалдык (акыл-эс) бузулуулары бар балдардын психикалык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү (акыл-эси кем); психикалык өнүгүүсү артта калган балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү; атайын билим берүү тутумундагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун өзгөчөлүгү.

***Тема 9. Сүйлөө кебинин  бузулуулары бар балдар, сүйлөө кебинин бузулушунун себептери, сүйлөө кеби бузулган балдардын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү.***

**Максаты:** угуучуларды сүйлөө кебинин бузулуулары бар балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, сүйлөө бузулуулары бар балдарга заманбап жардам берүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** сүйлөө - оозеки, жазуу жүзүндө (окуу, жазуу), тил, байланыш, сүйлөөнүн бузулушу, үндүн туура айтылышы, фонематикалык кабыл алуу, лексикалык жана грамматикалык түзүлүш, фразалык сүйлөө, ырааттуу сүйлөө.

**Кыскача мазмуну:** бул темада төмөнкүдөй схема боюнча сүйлөө кебинде бузулуулары  бар балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү талкууланат: сүйлөө кебинин бузулушунун себептери, сүйлөө кебинин бузулуусу бар балдардын классификациясы, сүйлөө кебинин бузулусу бар балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү, окутуунун өзгөчөлүктөрү жана атайын билим берүү тутумундагы балдарды тарбиялоо.

***Тема 10. Таяныч кыймыл аппараты бузулган балдар, бузулушунун себептери, түрлөрү, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү.***

**Максаты:** угуучуларды таяныч-кыймыл аппаратынын бузулуулары бар балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, кыймыл-аракети бузулган балдарга заманбап жардам берүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** жалпы жана майда моторикасы, кыймылдын бузулушу, балдардын церебралдык параличи,  кыймылдын бузулуу даражалары.

**Кыскача мазмуну:** бул тема төмөнкүдөй схема боюнча таяныч-кыймыл аппаратынын бузулусу бар балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талкуулайт: таяныч-кыймыл аппаратынын бузулушунун себептери, кыймыл-аракети бузулган балдардын классификациясы, начар көргөн балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү кемчиликтер, атайын билим берүү тутумундагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү.

### *Тема 11. Комплекстүү бузулуулары бар балдар (акыл-эси кем угуусу жана көрүүсү начар ж.б.), себептери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү.*

**Максаты:** угуучуларды бузулуулардын татаал структурасы (оор жана көптөгөн өнүгүү бузулуулары) бар  балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, структурасы татаал бзулуулары бар балдарга заманбап жардам берүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** бузулуулардын татаал түзүмү (комплекстүү бузулуулар), оор жана көптөгөн өнүгүү бузулуулары, өнүгүү деңгээлдери, өнүгүүнү комплекстүү колдоо.

**Кыскача мазмуну:** бул темада төмөнкү схема боюнча бузулуулардын татаал структурасы (комплекстүү бузулуулар), өнүгүүсүндө оор жана көптөгөн бузулуулары бар балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрү талкууланат: өнүгүүнүн комплекстүү бузулушунун себептери, татаал комплекстүү бузулуулардын түрлөрү, комплекстүү бузулуулары бар балдардын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрү, атайын билим берүү тутумундагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү.

***Тема 12. Эмоциялык эрктик бузулуулары бар балдар жана Аутизм спектринин бузулушу. Себептери, белгилери, психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү.***

**Максаты:** угуучуларды эмоционалдык-эрктик чөйрөсү бузулган, аутизм спектринин бузулуулары бар балдардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, эмоционалдык-эрктик чөйрөсү жана аутизм спектри бузулган балдарга заманбап жардам берүү тутуму менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** эмоционалдык-эрктик чөйрө, эмоционалдык-эрктик чөйрөнүн бузулушу, аутизм, аутизм спектринин бузулушу, көйгөйлүү (жагымсыз) жүрүм-турум, стереотиптер, байланыштын бузулушу, сенсордук бузулуу, сенсордук интеграция,

**Кыскача мазмуну:** бул тема төмөнкү схема боюнча эмоционалдык-эрктик чөйрөсү бузулган жана аутизм спектри бузулган балдардын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн талкуулайт: эмоционалдык-эрктик чөйрөнүн бузулушунун себептери жана аутизм спектринин бузулушу, эмоционалдык-эрктик чөйрө жана аутизм спектринин бузулушу, классификациялоо, эмоционалдык-эрктик чөйрөсү бузулган балдардын психикалык-педагогикалык мүнөздөмөлөрү, окутуу жана атайын билим берүү тутумунда тарбиялоо өзгөчөлүктөрү.

***Тема 13. Атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарды окутуу технологиялары.***

**Максаты:** угуучуларды инклюзивдик билим берүүдө атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарды окутуунун технологиялары менен тааныштыруу.  Инклюзивдик билим берүүнүн эл аралык стандарттарынын негизинде иштелип чыккан инклюзивдик билим берүү чөйрөсүн уюштуруу талаптары менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** педагогикалык технологиялар, коррекциялык жана өнүгүү технологиялары, программалык камсыздоо жана усулдук камсыздоо инклюзивдик билим берүү чөйрөсү, универсалдуу окутуу дизайны (УОД), тоскоолдуксуз чөйрө, адаптацияланган билим берүү программасы, жекече окутуу планы (ЖОП), жеке билим берүү планы

(ЖБП), атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарды окутуугадагы дифференциацияланган ыкма, психологиялык-педагогикалык колдоо кызматы.

**Кыскача мазмуну:** Бул темада атайын билим алуу муктаждыктары бар балдардын инклюзивдик билим берүүдө окутуу технологиялары талкууланат. Билим берүү чөйрөсүн уюштуруу, билим берүү формасын тандоо жана окуу материалын сунуштоо боюнча, айрым академиялык көндүмдөрдү калыптандыруудагы балдардын билим алуу муктаждыктарынын өзгөчөлүктөрүнө жараша, билим берүүгө ийгиликтүү жетишүү үчүн жалпы көрсөтмөлөр берилет. Инклюзивдик билим берүү чөйрөсүн эл аралык стандарттарга ылайык уюштуруу талаптары талкууланат, ага төмөнкүлөр кирет: универсалдуу окутуу дизайнын (УОД) түзүү, психологиялык-педагогикалык колдоо кызматын уюштуруу, атайын майыптыгы же атайын билим алуу муктаждыктары бар балдарды окутууда дифференциацияланган ыкманы колдонуу, адаптацияланган билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн жеке окутуу планын иштеп чыгуу. Мугалимдерге Кыргызстандагы инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруу боюнча пилоттук долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында иштелип чыккан документтер менен тааныштыруу: Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды окутуунун атайын мамлекеттик стандарты, адаптацияланган билим берүү программасы, жеке окуу программасы (ЖОП), жеке билим берүү планы (ЖБП) ж.б.

## 3 БЛОК

## Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин орду

### *Тема 14. Инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин жеке жана кесиптик компетенттүүлүктөрү*

**Максаты:** инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруучу мугалимдердин жеке жана кесиптик даярдыгына коюлган талаптар жөнүндө түшүнүк берүү.

**Негизги түшүнүктөр:** мугалимдин кесиптик жана жеке компетенттүүлүктөрү, инклюзивдик билим берүүнү ишке ашырууга даярдыгы, даярдык компоненттери: мотивациялык-инсандык, когнитивдик, активдүүлүккө негизделген жана чагылдыруучу (рефлексивдүү).

**Кыскача мазмуну:** бул тема инклюзивдик билим берүүнү жүзөгө ашырууга мугалимдерди даярдоо көйгөйүнө арналган. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү Концепциясына ылайык. "Ушул Концепцияны ишке ашыруунун биринчи кезектеги милдети - кадрларды даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу тутумуна керектүү педагогикалык билимдерди, көндүмдөрдү жана технологияларды киргизүү". Педагогикалык кадрларды даярдоо - инклюзивдик билим берүүдө сапаттуу билим берүүнү уюштуруунун актуалдуу маселелеринин бири. Мугалимдерге когнитивдик компетенттүүлүктү (даярдыкты) калыптандыруунун, анын ичинде атайын билим берүү жаатындагы инновациялык интеграциялык процесстер, жөнүндө илимий профессионалдык жана педагогикалык билимдерди калыптандыруунун, инклюзивдик билим берүүнү уюштурууда социалдык  маанилүүлүгү көрсөтүлөт.

### *Тема 15. Социалдык-педагогикалык толеранттуулук.*

Эмпатия, мүнөздөмө.  Педагогикалык ишмердүүлүктө эмпатиянын ролу.

**Максаты:** инклюзивдик билим берүүдө мугалимдин жеке компетенттүүлүктөрү жөнүндө түшүнүктү калыптандыруу, социалдык-педагогикалык толеранттуулук, эмпатия.

**Негизги түшүнүктөр:** толеранттуулук - социалдык, этникалык жана педагогикалык, эмпатия.

**Кыскача мазмуну:** Бул тема майыптыгы  же атайын билим алуу бар балдар менен өз ара мамиле түзүүдө мугалимдин жеке даярдыгынын маанилүү компоненттерин талкууланат. Инклюзивдик билим берүүнү жүзөгө ашырууга мугалимдин жеке даярдыгы, натыйжалуу эмпатия, социалдык-педагогикалык толеранттуулук, инклюзивдик билим берүү тутумунда турган ар бир балага жеке-инсан катары мамиле кылуу. Социалдык-педагогикалык толеранттуулуктун түшүнүктөрү жана компоненттери, толеранттуулукту өнүктүрүү технологиялары, эмпатиянын педагогикалык иш-аракеттердеги ролу, натыйжалуу эмпатияны өнүктүрүү технологиялары изилденген.

***Тема 16. Мугалимдин кесиптик ишмердигиндеги коммуникативдик көндүмдүн мааниси. Коммуникация түрлөрү.***

**Максаты:** мугалимдердин 21 -кылымдын мугалиминин негизги компетенциясы - эффективдүү баарлашуу, педагогикалык баарлашуунун түрлөрү, ошондой эле позитивдүү педагогикалык коммуникация куруу үчүн коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруу шарттары жана технологиялары жөнүндөгү билимин бекемдөө.

**Негизги түшүнүктөр:** коммуникация, максат, байланыштын түрлөрү, педагогикалык баарлашуу жана анын түрлөрү.

**Кыскача мазмуну:** Бул тема коммуникациянын 21 -кылымдын мугалиминин негизги компетенциясы катары каралат. Теманын мазмунунда коммуникация маселелери, түшүнүгү, түрлөрү, педагогикалык баарлашуу жана анын түрлөрү, ошондой эле педагогикалык ишмердүүлүктө коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруунун маанилүүлүгү жана технологиялары чагылдырылган.

***Тема 17. Инклюзивдик өз ара мамиле түзүүнүн шарттары жана эрежелери.***

**Максаты:** угуучуларды "инклюзивдик өз ара аракеттенүү"(мамиле түзүү) феномени, мындай өз ара аракеттенүүнүн (мамиле түзүүнүн)

негизги эрежелери, ошондой эле позитивдүү педагогикалык коммуникация түзүү үчүн баарлашуу көндүмдөрүн калыптандыруунун шарттары жана технологиялары менен тааныштыруу.

**Негизги түшүнүктөр:** инклюзивдик өз ара аракеттенүү (мамиле түзүү), экстрабилити, симуляция технологиялары, майыптыгы бар адамдар менен өз ара аракеттенишүү (баарлашуу) эрежелери.

**Кыскача мазмуну:** бул тема жаңы эл аралык илимий-практикалык "инклюзивдик өз ара аракеттенүү (мамиле түзүү)" кубулушун, ошондой эле жалпы билим берүү мектебинде мугалимдердин инклюзивдик билим берүүнү ишке ашыруунун контекстиндеги "инклюзивдик өз ара аракеттенүүдө (мамиле түзүүдө)" маанилүү кесиптик компетенциясы болгон шарттарын изилдейт. Теманын мазмунунда коммуникация маселелери, педагогикалык ишмердүүлүктө коммуникативдик көндүмдөрдү калыптандыруунун концепциясы, түрлөрү, мааниси жана технологиялары, ошондой эле майыптыгы бар адамдар менен баарлашуу (өз ара аракеттенүү) эрежелери жана ушул эрежелерди сактоонун маанилүүлүгү чагылдырылган.

## 4 БЛОК

### Аттестация

***Тегерек стол*** *“Инклюзивдик билим берүүдөгү мугалим: көйгөйлөр жана кесиптик өнүгүүнүн келечеги”.*

***Жыйынтыктоо***

***Тест***

***Анкета***

**Тест**

| | |
|---|---|
| Ф.А.А | |
| Мекеменин аталышы | |
| Дата | |

*Урматтуу, кесиптештер, төмөндөгү тесттин суроооолоруна жооп берүүңүздөрдү өтүнөбүз!*

1. **Атайын билим алуу муктаждыктры бар балдар менен өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү жок курбалдаштары менен биргеликте билим алуу – бул?**
   a) инклюзия
   b) интеграция
   c) индивидуализация.
2. **Кайсыл майыптыкты түшүнүү жолунда, майыптык коом тарабынан адамдын күнөөсү үчүн келип чыккан кубулуш катары кабыл алынат?**
   a) майыптыкты түшүнүүнүн социалдык жолунда
   b) майыптыкты түшүнүүнүн маданий  жолунда
   c) майыптыкты түшүнүүнүн диний жолунда
   d) майыптыкты түшүнүүнүн медициналык жолунда
3. **«Инклюзия» термини биринчи кайсыл документте киргизилген:**

a) Денвер билим берүү мыйзамында

b) Саламанка декларациясында

c) Скандинавия билим берүү тутумунда

**4. Балдарды инклюзивдик билим чөйрөсүнө кошуу үчүн эмнелер өзгөрүшү керек:**

a) бала

b) Билим берүү

c) Ата-энелер

**5. Жашоону «нормализациялоо» принцип түшүндүрөт:**

a) –майыптыгы бар адам майыптыгы жок адамга айланат .

b) - майыптыгы бар адамдын жашоосу башка адамдардыкы сыяктуу эле «нормалдуу» болот.

c) майыптыгы бар адамдын жашоосу татаалдашат

**6. ФЧЭК кантип чечмеленет:**

a) чектелөөрдүн, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы эл аралык классификациясы

b) кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясы

c) оорулардын эл аралык классификациясы

**7. Майыптуулук – бул.....?**

a) - активдүүлүктүн аракетинин кыйла чектелиши менен адамдын ден соолугунун бузулушу

b) - бардык окуучулардын ар кандай билим алуу муктаждыктарын жана жекече мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аларга билим алуунун бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу

c) эмгектенүү жөндөмүн толук же бир кыйла жоготууга алып келүүчү организмдин функцияларынын туруктуу бузулушу же жашоо-тиричилик аракетинин кыйла чектелиши менен адамдын

ден соолугунун бузулушу

8. **Майыптуулукту маданий түшүнө жолунда коом майыптыгы бар адамды кандай кабыл алат? ?**

   a) ден-соолуктун бузулушу, потология катары.

   b) бардык адамдар өзгөчөлүктөрүнө карабастан бирдей тең укуктуу.

   c) уят, каргыш катары

9. **Кайсыл компонент кыймыл аракеттеги, турмуштук ишмердиктеги жана ден-соолуктагы чектелөөрдүн эл аралык классификациясына кирбейт?**

   a) организмдин функциясы жана структурасы

   b) медициналык-социальдык экспертиза

   c) жигердүүлүк жана катышуу

10. **Кайсыл эл аралык нормативдик документттерде, майыптыгы бар балага өзгөчө кам көрүү, коомго кошууда атайын даярдык талап керектиги айтылат: (2 туура жооп)**

    a) Балдар жөнүндө Конвенция
    b) КР Конституциясы
    c) Майыптыгы бар адамдардын Конвенциясында
    d) ЮНИСЕФ программасында

11. **Инклюзивдик билим берүүнү ишке ашырып жаткан мугалимдин негизги принциби:**

    a) Майыптыгы бар балдар атайын интернаттарда билим алышы керек

    b) Атайын билим алуу муктаждыгы бар балдар атайын мектептерде билим алышы керек

    c) Эгер билим алууга шарттар түзүлсө ар бир бала окууга жөндөмдүү

12. **Атайын билим алуу муктаждыгы бар окуучуларга Ким атайын**

**билим алуу берүү шарттарды түзүү боюнча кеңештерди иштеп чыгат?**

a) психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация

b) психологиялык-педагогикалык коштоо кызматы

c) медициналык-социалдык экспертиза

**13. Оорунун, жаракаттын же жана башка себептерден кандайдыр бир нерсеге болгон жөндөмдүн жоголушун ордуна келтирүү, бул кайсыл термин?:**

a) Реабилитациялоо

b) Абилитациялоо

c) Дезадаптациялоо

d) Депривация

**14. ПМПК кантип чечмеленет?**

a) Психологиялык-медициналык-педагогикалык комиссия

b) Психологиялык-медициналык-педагогикалык консультация

c) Психологиялык-медициналык-педагогикалык конкурс

**15. Сүйлөө кебинин бузулушунун социалдык-психологичлык себеби:**

a) Баарлашуунун жетишсиздиги

b) Төрөт маалындагы жаракат

c) Төрөтттөн кийинки жаракат

**16. Сүйлөө кебинин бузулушу жана аны аныктоо, коррекцилоо – бул кайсыл лими?:**

a) Логопедия

b) Сурдопедагогика

c) Тифлопедагогика

d) Олигофренопедагогика

**17. Сенсордук бузуулары бар балдар категориясына кирбейт:**

a) Угуусу начар балдар

b) Психикалык өнүгүүсү артта калган балдар

c) Көрүүсү начар балдар

**18. Майыптуулуктун өзгөчөлүк түрлөрү:**

a) физикалык, сезүү органдарынын бузулушу

b) өнүгүүсүндө өзгөчөлүгү бар, эмоционалдык\жүрүм-турум, комплекстүү бузулуулар.

c) бардык жооп туура

**19. Бардык балдар билим алышы керекпи?**

a) Ооба

b) Жок

c) Ким окуу программаны өздөштүрө алса

**20. Угуусу бузулган балдар менен иштөөчү адис:**

a) Логопед

b) Сурдопедагог

c) Тифлопедагог

d) Олигофренопедагог

# СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТ

1. Аутичный ребенок: пути помощи. - М.: Теревинф, 1997. - 342 с.
2. Баенская Е.Р. Особенности раннего аффективного развития аутичного ребенка в возрасте от 0 до 1,5 лет // Альманах ИКП РАО. - 2001. - № 3.
3. Баранников К.В. Инклюзивное взаимодействие – контекст, в котором активизируются срытые способности.//Традиции и инновации в педагогическом образовании. сборник научных трудов IV международной конференции. – Екатеринбург,2018. -С. 293-297.
4. Башина В.М. Аутизм в детстве. - М.: Медицина, 1999.
5. Веретенникова К.В. Инклюзивное взаимодействие как средство профессионального саморазвития студентов педагогического вуза //Веретенникова К.В., Галагузова Ю.Н.//Традиции и инновации в педагогическом образовании. сборник научных трудов IV международной конференции.-Екатеринбург ,2018. - С. 301-306.
6. Выготский Л.С. Собрание сочинений: В 6 т. – Т. 2, 5. – М.: Педагогика, 1983.
7. ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ от 13 марта 2019 года № 34 О ратификации Конвенции ООН о правах инвалидов.
8. Зимняя И. А. Личностно-деятельностный подход как основа организации образовательного процесса [Электронный ресурс]: Электронная библиотека / Московский государственный психолого-педагогический университет. – URL: http://psychlib.ru/mgppu/ZOsv-01/ZLD-244.HTM (дата обращения: 31.08.2014).
9. Коломинский Я. Л., Панько Е. А., Игумнов С. А.. Психическое развитие детей в норме и патологии: психологическая диагностика, профилактика и коррекция— СПб.: Питер,. —480 с: ил.. 2004
10. Концепция развития инклюзивного образования в Кыргызской Республике на 2019-2023 годы.// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/14591
11. Лебединский, В. В. Нарушения психического развития в детском

возрасте. – М.: Академия, 2003.

12. Лубовский В.И. Специальная психология. - М., 2005.
13. Настольная книга педагога-дефектолога / Под ред. Т.Б. Епифанцева. - Ростов-на-Дону., 2006.
14. Никольская О.С., Баенская Е.Р., Либлинг М.М. Аутичный ребенок: пути помощи. - М.: Теревинф, 2000. - 336 с.
15. Нормализация жизни в закрытых учреждениях для людей с интеллектуальными и другими функциональными нарушениями: Теоретические основы и практический опыт / Пер. со шведск. А. Львовского; Сост., ред. и автор предисл. К. Грюневальд. – СПб.: Санкт-Петербургский Институт раннего вмешательства, 2003. – 144 с.
16. Нуриева Л.Г. Развитие речи у аутичных детей. - Москва, 2003.
17. Образование и инвалиды. Проект "Юридическая защита прав инвалидов в России: доступность образования".
18. Программа развития инклюзивного образования в Кыргызской Республике на 2019-2023 годы.// http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/14592
19. Психолого-педагогическая диагностика детей раннего и дошкольного возраста / Под ред. Е.А. Стребелевой.- М.: Просвещение, 2003 – 164 с. + Приложение.
20. Семаго Н.Я., Семаго М.М. Организация и содержание деятельности психолога специального образования. - М., 2005.
21. Сорокин В.М. Специальная психология / Под. научн. ред. Л. М. Шипицыной. - СПб., 2003.
22. Специальная педагогика: учебное пособие для студентов высш. учеб. заведений / Л.И. Аксенова, Б.А. Архипов, Л.И. Белякова [и др.]: под ред. Н.М. Назаровой. – Москва: Издательский центр «Академия», 2007. – 400 с.

23. Филатова И.А. Концептуальные основы подготовки волонтеров к инклюзивному взаимодействию с людьми, имеющими ограниченные возможности здоровья Понятийный аппарат педагогики и образования [Текст]: коллективная монография /отв.ред. Е.В. Ткаченко, М.А. Галагузова ; Уральский государственный педагогический университет. Вып. 10. – Екатеринбург, 2018. - С. 358 – 365.

24. Хитрюк, В. В. Основы инклюзивного образования : практикум / В. В. Хитрюк.- Мозырь : Белый Ветер, 2014. — 136, [4] с. : ил.

25. http://obrazovanie.perspektiva-inva.ru/news.php

26. http://samara-desnica.narod.ru/

27. http://www.un.org/russian/documen/declarat/salamanka.pdf. // Саламанская декларация и рамки действий по образованию лиц с особыми потребностями, принятые Всемирной конференцией по образованию лиц с особыми потребностями: доступ и качество, Саламанка, Испания, 7-10 июня 1994 года.

28. Материалы по инклюзивному образованию

29. http://school.msk.ort.ru/integration/index.php?p=teor_mpio

30. Об интеграции детей с ограниченными возможностями здоровья

31. http://www.fatihovalf.ucoz.ru/blog/chto_vy_dumaete_ob_integrirovannom_obrazovanii_detej_s_ogranichennymi_vozmozhnostjami_zdorovja/2010-05-26-1

32. http://nashiosobiedeti.ucoz.ru/news/inkljuzivnoe_obrazovanie_ravnye_vozmozhnosti_dlja_vsekh_uchashhikhsja/2010-09-04-246

33. http://www.dislife.ru/flow/theme/4696/.

34. Конвенция ООН о правах инвалидов. https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/disability.shtml